DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Орозбаева Г.Н.*

# УЧУРДАГЫ ДИДАКТИКА ЖАНА ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА УКУКТУ ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Орозбаева Г.Н.*

# СОВРЕМЕННАЯ ДИДАКТИКА И ОСОБЕННОСТИ ИЗУЧЕНИЯ ПРАВА В ВУЗЕ

*G.N. Orozbaeva*

# MODERN AND DIDACTIC PROBLEMS OF THE STUDY OF LAW AT THE UNIVERSITY

*УДК: 34.340.5*

*Бул макалада интерактивдик усулдарды укукту окутууга кантип ыңгайлаштырса болот. Бул диалогдун, өз ара тыгыз алаканын негизинде студенттерге билим берүүнүн натыйжалуу жолу.Себеби азыркы дидактикада окутуунун интерактивдик усулуна көп басым жасалууда. Интерактивдик усул деген эмне, аны укукту окутууга кантип ыңгайлаштырса болот, дегеле ошентүүгө болобу деген маселелерге көңүл бурабыз. Интерактивдик усулдун максаттары, методдору кандай жана бул усулду укукту окутууда канчалык пайыздык деңгээлде колдоно алабыз. Дүйнөлүк коомчулуктагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр билим берүүнүн салттуу тутумун башкадан карап чыгуу талабын коёт. Ушуга байланыштуу ата-мекендик билим берүүнүн интеграциянын заманбап шарттарында, дүйнөлүк билим жана илимдин алкагында студентти өз ишмердүүлүгүнүн субъектисине айлантуу менен катары, анын креативдик ой жүгүртүүсүн, илимий жетишкендиктерди алардын талабына жараша жайылтуу зарылдыгы келип чыгууда. Жогорку билимдүү өз кесибин жакшы өздөштүргөн адистер гана өнүккөн коомдун бардык шарттарында, ошол коомго активдүү катышуучусу боло алат.*

***Негизги сөздөр:*** *дидактика, методика, доминанта, кылмыш, жаза, синквейн, диаграмма Венна, кластер.*

*В этой статье излагаются пути применения методов интерактивного обучения при изучении права. Это способ познания, основанный на диалоговых формах взаимодействия участников образовательного процесса. В современной дидактике много внимания уделяется методам интерактивного обучения. Что такое интерактивное обучение? И как приспособить методику такого обучения в обучении праву, и возможно ли это. Какие цели, задачи и методы интерактивного обучения и насколько его можно использовать в обучении праву студентов-юристов. Социально-экономические изменения всего мирового сообщества требует пересмотра сформировавшейся традиционной системы образования. В связи с этим актуальными являются вопросы развития отечественного образования в условиях интеграции в мировое образовательное пространство, развитие креативного мышления, внедрение научных достижений в соответствии с их потребностью, создание возможности для превращения студента в субъекта собственной деятельности. Ведь только специалист с высшим качественным образованием сможет стать активным участником экономического, социального и культурного развития всего общества.*

***Ключевые слова:*** *дидактика, методика, доминанта, преступление, наказание, синквейн, диаграмма Венна, кластер.*

*Thi sarticle considers the possibilities to apply the methods of the interactive educating at reading law. It is the method of cognition, founded above dialogue from mutually actions of participations of educational process. In modern didactics, much attention is paid to interactive teaching methods. What is interactive teaching? And how to adapt the methodology of such training in teaching law, and is it possible? What are the goals, objectives and methods of interactive training and how much can it be used in teaching law to law students. The socio-economic changes of the entire world community require a revision of the established traditional education system. In this regard, the issues of the development of domestic education in the context of integration into the global educational space, the development of creative thinking, the introduction of scientific achievements in accordance with their need, the creation of an opportunity to turn a student into a subject of his own activity are relevant. After all, only a specialist with higher quality education can become an active participant in the economic, social and cultural development of the whole society.*

***Key words:*** *didactics, technique, dominant,crimo, punishment, cinquain, Venn pie chfrts, cluster.*

Алгач темада айтылып тургандай учурдагы дидактика – ал кандай, аны укукту окутууда кантип жана канчалык деңгээлде колдонсо болот, дегеле дидактика деген эмне? Себеби азыркы дидактикада окутуунун интерактивдик усулуна көп басым жасалууда. Интерактивдик усул деген эмне, аны укукту окутууга кантип ыңгайлаштырса болот, дегеле ошентүүгө бо-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лобу деген маселелерге көңүл бурабыз. Интерактивдик усулдун максаттары, методдору кандай жана бул усулду укукту окутууда канчалык пайыздык деңгээлде колдоно алабыз.

**Дидактика** – бул окутуунун жалпы медоддорун өзүнө камтыган педагогиканын бир бөлүмү.

**Методика** – окутуу, үйрөтүү ыкмаларынын жыйындысы.

Окутуунун интерактивдик **усулу –** бул диалогдун, өз ара тыгыз алаканын негизинде студенттерге билим берүүнүн натыйжалуу жолу. Маселени чечүүнүн жолдорун биргеликте издөө аркылуу студенттер бири-бири менен тыгыз байланышта боло алышат. Бул усул бардыгы бирөөнү, бирөө бардыгын үйрөткөн жагдайды шарттайт. Окутуу процессинин негизги максатын жана мазмунун сактоо менен бирге интерактивдик окутуу салттык окутуунун негиздеринде өз ара түшүнүшүү жана аракеттенишүү менен студенттерди диалогго келүүгө үйрөтөт.

Окутуунун интерактивдик усулун колдонуунун максаттары төмөнкүлөр:

1. Группада теңчилдиктин, бири-биринин ой-пикирин сыйлоо, кызыгуу атмосферасын түзүү;

2. Группанын диалогдо иштөөсүнө көмөк көрсөтүү, анализ жүргүзүү, өз маалыматын так айта алганга, сынчыл ойлом жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө жана өз пикирин негиздей алууга көмөктөшүү;

3. Ар кандай даражадагы кырдаалды терең түшүнүү, учурдун көйгөйүн туура чечүү;

4. Ар кандай проблемаларды, окуяларды изилдөө, адамдардын кээ бир жүрүш-турушуна туура баа берүү;

5. Окутуунун заман талабына ылайык дайыма өзгөрүп турган жаңы технологияларын колдонуу.

Окутуунун үч усулу бар.

**Пассивдүү** – студент окутуунун объектиси. Доминанта – окутуучу. Озу окуйт, түшүндүрөт, демонстрациялайт (көргөзөт).

**Активдүү** – студент окутуунун субъектиси. Өз алдынча иштейт, тапшырмаларды чыгармачыл жолдор менен аткарат, проблемаларды чечет, сын көз караш менен ар кандай кырдаалдагы маселелерди чечүү. **Интерактивдик-доминанта жок.** Өз ара тыгыз байланыштын негизинде окуу процессине бардыгы катышат. Ролдук оюндарды колдонуу менен турмуштук мисалдарды моделдештирүү, түзүлгөн кырдаалга анализ берүү менен проблеманы чогуу чечүү. Интерактивдик усулдун психо-физиологиялык негиздери төмөндөгүчө:

1. Студент окуганда, берилген маалыматтын 10% эске сактайт.

2. Студент уккан маалыматтын 20% эске сактайт.

3. Студент көргөн маалыматтын 30% эске сактайт.

4. Студент уккан, көргөн маалыматтын 50% эске сактайт.

5. Студент өз колу менен жасаса, маалыматтын 90% эске сактайт.

Интерактивдик усулдарды көбүнесе тил, адабият, тарых сабактарында гана колдонууга мүмкүн, ал эми укуктук илимдерди окутууда ал негизсиз деген ойду көпчүлүк жогорку окуу жайларынын окутуучулары айтып келишти, себеби укукта бардык мыйзамдар так беренелерде көрсөтүлгөн, аны онго да солго да көркөмдөп өзгөртүүгө болбойт деген ойду кармаышкан. Бирок, практика көрсөткөндөй, бул усулдарды укуктун ар кандай тармагын окутууда кеңири натыйжалуу колдонууга болору айкын болду. Айтылган сөз куру болбош учун интерактивдик усулдардан синквейн менен кластер методикалык ыкмаларын кылмыш-жаза укугу дисциплинасынын айрым темаларында колдонуу мисалдарын келтирсек. Алгач синквейн боюнча маалымат берели. Синквейн – бул студенттин өз алдынча чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө көмөктөшкөн, сөз байлыгын өстүргөн жана өзу окуган маалыматтын маңызын кыскача жана түшүнүктүү кылып көрсөтүп жана айтып берүүсү. Талкууланып жаткан теманын эң негизги оюн туура жана ошону кыскача мүнөздөп бере алуусу.

Синквейн беш саптан куралат. Биринчи сабында бир сөз менен талкууланып жаткан тема берилет, экинчи сабында ошол берилген теманы сыпаттап көрсөткөн эки сөз, учунчу сабында теманы ачып көрсөткөн кыймыл-аракеттер, ал эми төртүнчү сапта темага байланышкан жана аны ачып бере алган төрт саптан куралган фраза. Бешинчи сапта теманын маңызын өзүнө камтыган синоним-сөз.

Мисалы, “Кылмыштын жалпы түшүнүгү жана анын белгилери”деген теманы окутууда сабактын структурасынын үчүнчү этабында студенттерге ушул темага синквейн түзүү сунушталат.


1. Кылмыш
2. Күнөөлүү, олуттуу
3. Зыян келтирет, жазаланат,
4. Баа бере алат
5. Жосун.

Синквейнди түзүүнүн экинчи этабында окутуучу **баа бере алат** деген созго рефлексия көрсөтсө болот. **Рефлексия –** жаңы маалыматты мурдагы билим менен айкалыштыруу, кылмыш жасаган адамдын акыл-эси соо болсо гана ал кылмыш жоопкерчилигине тартылат, акыл-эси соо эместикти далилдөөдө

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



биологиялык жана юридикалык эки критерийге таянабыз деген жаңы маалыматты кошуп кетүүгө болот. Ал эми "Кылмыш- жаза жоопкерчилигинен бошотуу"жана "Жазадан бошотуу" деген темаларда укук коргоо органдарына кайсы органдар кирет жана бул түшүнүк дагы кандай сөздөрдү өзүнө камтыгандыгы жөнүндө **Кластер** методикалык ыкмасында көрсөтүүгө болот. **Кластер -** окутулуп жаткан материалдын маңызын графика түрүндө көрсөтүү же көпчүлүк усулчулар атагандай кластерди "жүзүмдүн сабагы" деп атасак болот. Кластерди "идеялар талаасы" деп да аташат. Кластер чоң көлөмдөгү маалыматты өзүнө камтыйт. Бул усул тайпада же жекече иштөөгө сунушталат.




Бул усулда таза барактын ортосуна теманын маңызын берген негизги сөз жазылат. Ал эми бул сөздүн айланасына ушул темага байланышкан ойлорду, фактыларды, образдарды чагылдырган логикалык байланышы бар сөздөрдү же сүйлөмдөрдү жазуу.

Өзүбүздүн интуициябызга, элестетүүлөрүбүзгө таянып сөздөрдү жазууда тартынбоо керек. Ушуну менен бирге бул усулдун мааниси алынган билимди тутумдаштыруу.

Бул методикалык ыкмалар студенттердин өз алдынча ойлонуу жөндөмдүүлүгүн калыптандырат, өз алдынча жана биргелешип чечим кабыл алууга үйрөтөт. Берилген маалыматтардын эң негизги мазмунун тез айырмалоого, окутулуп жаткан чоң материалдын эң башкы оюн бөлүп чыгарууга үйрөтөт.

**Адабияттар:**


1. Сухомлинский В.А. Мугалимге жүз насаат. / Которгон Д.Айтманбетов. - Ф.: Мектеп, 1987.
2. Макаренко А.С. Сочинения в 7-ми томах. - М., 1957. - 1 том. - 144 стр.
3. Елканов С.Б. Профессиональное самовоспитание учителя: Книга для учителя. - М.: Просвещение, 1986. - 55 стр.
4. Окутуунун жаңы технологиялары. // ОШМУнун Жарчысы. - Ош, 2003. - 37-б
5. Словарь русского языка /подредакцией С.И.Ожегова. / М., "Русский язык" 1988.
6. Жолдошев Т.Т. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза укугу. - Ош, 2012. - 139-бет.
7. Курманов К. Кыргыз Республикасынын Жазык укугу. - Б., 2005. - 247-бет.